DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 3, 2021

*Кайымова Ф.М., Мапаева Н.А., Зулпукаров К.*

## ФУНКЦИОНАЛДЫК ЛИНГВИСТИКА ЖАЛПЫ ОРУС ЖАНА КЫРГЫЗ ТИЛ ИЛИМИНДЕ

*Кайымова Ф.М., Мапаева Н.А., Зулпукаров К.*

## ФУНКЦИОНАЛЬНАЯ ЛИНГВИСТИКА В ОБЩЕМ РУССКОМ И КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКОЗНАНИИ

*F. Kayimova, N. Mapaeva, K. Zulpukarov*

## FUNCTIONAL LINGUISTICS IN GENERAL RUSSIAN AND KYRGYZ LANGUAGE

*УДК: 83.2*

*Функционалдык лингвистиканы тил илиминин бир тармагы катары аныктоо, анын өзгөчөлүгү; жалпы, орус жана кыргыз тил илимдеринде пайда болуу жана изилденүү тарыхы; принциптери, негизги багыттары, категориялары; функционалдык-семантикалык талаанын каражаттары, функционалдык лингвистиканын обьектилери; тилдин коомдук кызматтары, бул боюнча тилчи-окумуштуулардын идеялары макаланын негизин түзөт. Функционалдык лингвистиканын структуралык лингвистикадан бөтөнчөлүгүанын тилди пикир алмашуунун негизги каражаты катары аныктоосу болуп эсептелет. Анын өнүгүшү фонема жөнүндөгү окуунун калыптанышына да салымын кошо алды. Функционалдык лингвистиканын негизги тармагы болгон функционалдык грамматика функционалдык морфология, функционалдык синтаксис, функционалдык дериватология, активдүү грамматика, семантикалык борборлоштурулуучу грамматика, деген тармактарга бөлүнөт. Функционалдык лингвистика, айрыкча, СССРде, кийин Россияда тилчилерди кызыктырды. Кийин бул тармактын проблемалары республикабыздагы изилдөөлөрдө колдонулду.*

***Негизги сөздөр:*** *функционалдык лингвистика, функционалдык-семантикалык талаа, телеология, прагмалингвистика, фонология, тилдин кызматы, категория, агым, тилдик белгилер, тилдик каражат.*

*Основу статьи составляют определение и особенности функциональной лингвистики как одна из отраслей языкознания; история происхождения и иисследования в общем, русском и кыргызском языкознании; принципы, основные направления, категории; средства функционально-семантического поля, объекты функциональной лингвистики социальные службы языка, идеи лингвистов-ученых по этому поводу. Отличием функциональной лингвистики от структурной лингвистики является определение языка как основного средства общения. Его развитие также способствовало формированию учения о фонеме. Функциональная грамматика, которая является основным разделом функциональной лингвистики, делится на функциональную морфологию, функциональную синтаксис, функциональную дериватологию, активную грамматику и семантически централизованную грамматику. Функциональная лингвистика интересовала лингвистов, особенно в СССР, а затем и в России. Позже проблемы этой отрасли были использованы в исследованиях в нашей стране.*

***Ключевые слова:*** *функциональная лингвистика, функционально-семантическое поле, телеология, прагмалингвистика, фонология, функция языка, категория, поток, языковые символы, языковые средства.*

*The article is based on the definition and features of functional linguistics as one of the branches of linguistics; history of origin and research in general, Russian and Kyrgyz linguistics; principles, main directions, categories; means of the functional-semantic field, objects of functional linguistics, social services of the language, ideas of linguists-scientists in this regard. The difference between functional linguistics and structural linguistics is the definition of language as the main means of communication. Its development also contributed to the formation of the doctrine of the phoneme. Functional grammar, which is the main branch of functional linguistics, is divided into functional morphology, functional syntax, functional word formation, active grammar, and semantically centralized grammar. Functional linguistics interested linguists, especially in the USSR and then in Russia. Later, the problems of this industry were used in research in our country.*

***Key words:*** *functional linguistics, functional-semantic, theology, paralinguistics, phonology, function of language, category, group, linguistic symbols, linguistic means.*

Функционалдык лингвистика – тил илиминдеги фундаменталдык ири тармак. Ал салыштырмалуу жаш дисциплина, анткени структуралык лингвистикадан бөлүнүп чыккан. Функционалдык лингвистиканын негизги бөтөнчөлүгү болуп анын тилди пикир алмашуунун негизги каражаты катары аныктоосу саналат. Ушул бөтөнчөлүгү аны лингвистикалык структурализмдин башка тармактарынын – дескриптивдик лингвистика менен (Л. Блумфилд, З. Харрис, Ю.А. Найда, Дж.Х. Гринберг, Ч.Ф. Хоккей, Л.В. Гарвин ж. б.) менен глоссематикадан (Л. Ельмслев, В.Брёндаль, Х.Й. Ульдалль, Х.К. Сёренсен, Х. Педерсен ж.б.) айырмалап турат [7, 127-176; 1, 49-95].

Функционалдык лингвистиканын фундаментин И.А. Бодуэн де Куртенэ (Россия, Польша), Ф.де Соссюр (Щвейцария), О. Есперсен сыяктуу окумуштуу-тилчилердин идеялары түзөт.

Функционалдык лингвистиканын негизги принциби – телеологиялык принцип. Бул принципти орус лингвисттери Р.О. Якобсон, Н.С.Трубецкой, С.О.Карцевскийлер иштеп чыгышкан. Алар «Прага лингвистикалык ийриминин тезистери» (1929-ж.) деген

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



программа даярдап, Чехияда өзүнчө тилчилердин тобун уюштурган. Бул үчөө Орусиядагы 1918-жылкы төңкөрүштөн качып кеткен эмигрант-лингвисттер болучу. Бул ийримге В. Матезиус (төрага), Б. Трнка, Б. Гавранек, И. Вахек, В. Скаличка, П. Прост ж.б. тилчилер кирген [9,311; 8, 201]. Телеологиялык жобо тилди маалымат берүүнүн максаттуу системасы катары аныктаган. Р.О. Якобсондун эмгектеринде пикир алмашуунун алты кызматы кеп аракетинин башкы компоненттери катары белгиленет – сүйлөөчү (маалымат жөнөтүүчү), адресат (маалымат арналган тарап, угуучу), контакт (эки тараптын алакасы), ситуация (жагдай, шарт), код (маалымат туюнтуучу, сактоочу, таркатуучу белгилер системасы) жана билдирүү (маалыматты чыгаруу, жөнөтүү). Бул идея прагмалингвистиканын өнүгүшүнө да зор өбөлгө болгон.

Функционалдык лингвистиканын фонологиянын түптөлүшүнө, фонема терминининин илимге орноштурулушуна, фонемалардын сөз айырмалоочу кызматын аныктоого ири салым кошту (Н.С.Турбецкой, Р.О. Якобсон). Австриялык илимпоз К. Бюлер да тилдин үч кызматын белгилөө зарылдыгын далилдеген да, анын экспрессивдик, апеллятивдик жана презентативдик функцияларынын маани-маңызын ачып берген [2,566]. Тилдеги эки тараптуу (белгилөөчү + белгиленүүчүсү бар) жана бир тараптуу (белгиленүүчүсү жок) каражаттарын жиктөө А. Мартине тарабынан аткарылган.

Функционалдык лингвистиканын бөтөнчөлүктөрүнө тилдин белгилер системасынын ишке ашуусу катары аныкталышы, бул системалардын коллектив үчүн милдеттүүлүгү жана атайын мыйзамдар аркылуу иреттелиши; белги катары чын дүйнөнүн тилдик коррелятын атоосу; функционалдык-стилистикалык катмарлардын изилдениши, тилдик фактыларды синхрондук планда иликтөөнү диахрондук изилдөөлөр менен чаташтырбоонун далилдениши, лингвистикалык методдордун пайдаланылышы сыяктуу бир нече жаңылыктар түзөт [4, 121-122].

Функционалдык лингвистика кийин тил илиминде өтө таркалган агым катары кабыл алынат. Анын талапкерлери Женевада (А. Фрей, К. Гёдель ж.б.), Лондондо (Дж.Р. Фёрс, М. Халидей ж.б.), Моквада (В.Г. Гак, Ю.С. Маслов, А.В. Бондарко, Г.А. Золотова, Н.А. Слюсар ж.б.) ж.б. борборлордо пайда болуп, тилдин коомдогу кызматын, тилдик каражаттардын пикир алмашуудагы ролун тереңдеп таанууга ийгиликтүү аракеттер жүрөт [8, 54-183].

Айрыкча СССРде, кийин Россияда функционалдык өнүт тилчилердин көңүлүнүн чордонунан орун алат. Функционалдык стилдерди изилдөө, функционалдык стилистиканы түптөө, функционалдык диалектологияны негиздөө, тилди функционалдык алкакта стратификациялоо, тилдин функционалдык түрлөрүн жиктөө, функционалдык типологиянын пайдубалын орнотуу сыяктуу көп багыттуу изденүүлөр, табылгалар ушул өлкөдө жүргүзүлдү.

Функционалдык лингвистиканын идеялары, жоболору биздин республикадагы изилдөөлөрдө да колдонулду. Функционалдык дериватология Г.С. Зенков [5, 105] менен М.Ж. Тагаевдин [11, 202], функционалдык морфология В.Д.Скирдовдун [10, 46-57], К.З. Зулпукаров менен [6, 317] З.К. Дербишеванын [3, 146] эмгектеринде теориялык өнүттө өнүктүрүлдү. Бул жерде З.К. Дербишеванын өзгөчө салымын белгилөөгө болот. Анткени бул илимпоз кыргыз-орус салыштырма морфологиясынын функционалдык категорияларын кенен талдоого алып чыкты жана бул тармакты семасиологиянын алкагында караган биринчи лингвист эле. Ал семантикалык категорияларды жиктеп, конкреттүү мисалдар менен тастыктап чыккан. Бул категориялар бүткүл тилдерге мүнөздүү жана универсалдык мүнөздө жашайт. Семантикалык категориялар тилдин пикир алмашууну уюштуруучу кызматы менен аныкталат.

Семасиологиялык өнүттөгү көптөгөн изилдөөлөргө таянып, (Ю.С. Степанов, В.Н. Ярцева, А.В. Бондарко ж.б.), З.К. Дербишева мындай категорияларды функционалдык-семантикалык талаа (ФСТ) термини менен туюнтуп, орус окумуштуусу А.В. Бондарконун концепциясын өнүктүрөт. Ал кыргыз-орус салыштырма морфологиясынын чегинде төмөнкүдөй категорияларды ажыратат:

1. Предикативдик функциядагы ФСТ:
   а) аспектуалдуулук;
   б) темпоралдуулук;
   в) убакыттагы локалдуулук;
   г) таксис;
   д) модалдуулук;
   е) персоналдуулук;
   ж) мамилелик (залогдук).
2. Субъекттик-объекттик функциядагы ФСТ:
   а) субъекттүүлүк;

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



б) объекттүүлүк;
в) аныктык / анык эместик.

3. Сандык-сапаттык функциядагы ФСТ:
а) сапаттуулук (адъективдүүлүк);
б) сандуулук (квантитативдүүлүк);
в) салыштыруучулук (компаративдүүлүк);
г) таандуулук (поссесивдүүлүк).

4. Шарттуулук кызматындагы ФСТ:
а) орундук (локативдик);
б) себептик;
в) шарттык, натыйжалык, карама-каршылык;
г) өлчөмдүк ж.б. [3, 9-10].

Бул ФСТ өзүнчө категориялык кызмат аткарышат. Алардын ар бири страктуралык түзүмгө ээ. Баарынын курамында өзөк (ядро, борбор) жана жакабел (чекебел, периферия) ажыратылат. Жакабел да, өз кезегинде, ичинен жакынкы жана четки алкактарды жиктеп турат.

Өзөктү (борборду) түзгөн семантикалык көрсөткүчтөргө:

1) аны дайыма туруктуу туюнткан атайын каражаттардын комплекси жана мазмуну;

2) көптөгөн дифференциялоочу семантикалык белгилердин жыйындысы болгон бүтүн уюшкан система;

3) бул белгилердин милдеттүүлүгү кирет [3, 10].

Чындыгында, бул талаалар универсалдуу, бардык тилдерде кездешет.

Кайсы бир ФСТ өзөгү жок да боло алышы мүмкүн. Өзөк менен жакабелде семантикалык жүк түрдүүчө болот. Талааларды лексикалык, морфологиялык, синтаксистик, сөз жасоочулук, комбинациялык ж.б. каражаттар уюштурат, аларды система, подсистема терминдери менен сыпаттоого болот.

**Адабияттар:**


1. Булыгина Т.В. Пражская лингвистическая школа// Основные направления структурализма. – М.: Наука, 1967. – 49-95-бб.
2. Бюлер К. Теория языка. Репрезентативная функция языка / Пер.с нем. – М.: Прогресс, 2000. – 528 с.
3. Дербишева З.К. Функциональная грамматика русского и кыргызского языков. – Бишкек: КРСУ, 2003. – 146 с.
4. Звененцев В.А. История языкознания XIX-XX веков в очерках и извлечениях. Часть II. Москва: Процвещение, 1965. – 494 б.
5. Зенков Г.С. Вопросы теории словообразования. – Фрунзе, 1969. – 165 с.
6. Зулпукаров К. Падежная грамматика: теория и прагматика. Санкт-Петербург. – Ош, 1994. – 317 с.
7. Мурат В.П. Глосемантическая теория// Основные направления структурализма. – М.: Наука, 1967. – С. 49-95.
8. Попова Т.В. Общее языкознания. Часть I. Функциональная грамматика.- Екатеринбург, 2005. – 201 с.
9. Пражский лингвистический кружок: Сборник статьей. – М.: Прогресс, 1967.– 311 с.
10. Скирдов В.Д. К вопросу о функциональном анализе элементов падежной системы// Науч.труды филол.фак-та [Кырг, гос.ун-та]. – Вып.XV. – Фрунзе, 1969. – С. 46-57.
11. Тагаев М. Дж. Полипарадигмальные описание морфемики и словообразования (на материале русского и киргизского языков). - Бишкек, 2004. - 282 с.
12. Жумабекова Н.М. Анализ переключения кодов в русско-кыргызском разговоре молодого поколения. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2019. №. 11. С. 238-242.